# *137 Кайраттуу кыла көр*
## (Элчилер 4:29)

1. Ысымыңды жарлаганда,
  Көптөр каршы чыгышат.
 Ындыныбызды өчүрүп,
  Шылдыңдап, жалаа жабат.
 Бирок биз эч коркпойбуз,
  Баш иебиз сага гана.
 Рухуңду берип, күчтөндүрчү,
  Суранабыз, оо, Жахаба.

*КАЙЫРМА*

*Кайраттуу кыла көр бизди,*
*Жар салалы баарына.*
*Алдырбайлы коркунучка,*
*Чыдайлы каршылыкка.*
*Жакын калды алааматка,*
*Кетенчиктебейли артка.*
*Кайраттуу кыла көр бизди,*
*Оо, Жахаба.*

2. Жеңдиргенде коркунучка,
  Бизди четке какпайсың.
 Дайым колдоп-кубаттаган,
  Ырайымдуу Кудайсың.
 Душмандар бут тоскондо,
  Коркутуп каршы чыкканда,
 Туруктуу, чечкиндүү бололу,
  Ысмыңды даңктап жатканда.

*Кайырма*

(Кара: 1 Тес. 2:2; Евр. 10:35)

*snylpnw*-KZ № 137 9/14
© 2014 Watch Tower Bible and Tract Society of Pennsylvania